КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

7-октябрь 2022-ж. № 13 Бишкек ш.

**Экономика илимдери боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын 2021-жылдын 2-декабрындагы №28 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2022-жылдын 30-сентябрындагы № 432 токтомунун (№ 7э/к-4/6 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын экономика илимдери боюнча эксперттик кеңешинин 08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу (ишмердиктин тармактары жана чөйрөлөрү боюнча) адистиги боюнча мүчөсү, экономика илимдеринин доктору, доцент Асизбаев Рустам Эмилжанович Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын төрагасынын орун басары – башкы окумуштуу катчы болуп дайындалганына байланыштуу эксперттик кеңештин курамынан чыгарылсын.
2. И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин менеджмент кафедрасынын профессору, экономика илимдеринин доктору, профессор Атантаев Истанбек Акматович 08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча (авторефераты боюнча) экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен экономика илимдери боюнча эксперттик кеңештин курамына киргизилсин.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**